## БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е./ ~~Баласын сооротуп~~/. Ай, уятсыз- ай... Акылдуу бала да ыйлайбы! Уят эмеспи,, я ? Уятты билесиңби деги? Же билбейсиңби? Анда - эмесе, уктачы каралдым, уктачы... Сени менен бирге аткан таң, бактымдын шооласы болсун, сенин ыңаалаган үнүң, тойдун жарчысы болсун, секетим. Уктайгой, уктачы, ырысым./ ~~Бешикти терметет~~/. Өөлай, өөлай... Атаң байкуш сенин төрөлгөнүңдү билет ~~бол~~ болду бекен деги? Билбейт дейсиңби? Кайдан билсин?! Айылдын четине дейре узатып барып, эки жактагы элден ийменгенимен, атаң менен кумар кана кучакташып коштошо да албадым... Боюмда туягың кал-ды деп кубанта да албадым... Алты саны аман келсе, ушунун баарысы унутулар, балам... Биз ~~папаңа~~ атаңа сенин сүрөтүңдү жиберебиз. Ошентелиби, кулунум? Ошентебиз. Атаң

Репетиц.

12- Июнь 1961-жыл эртеңки саат 10-00-до баштайлды...

3.

/Биринчи көрүнүш
/Сейденин ролу/

СЕЙДЕ. сенин сүрөтүңдү көрүп, мына менин канатым деп, жолдошторуна мактанат. А сен болсоң эртеден кечке ыйлайсың да турасың. Эмне, уулуң ыйлаак деп жазайынбы катка? Жок, андай деп жазбайм. Атаке жеңиш менен келишиңди күтөбүз деп жазалы. Кана эми, уктачы каралдым.

~~Сейде баласын терметип, бешик ырын ырдайт.~~

Укта , укта ак бөпөм,
Ак бешикке жат бөпөм.
Атакең жүрөт майданда,
Жарак алып колуна.

x x x

~~Укта ,укта тентегим,~~
~~Каалаасаң мына эмчегим.~~
~~Атаңды тартып өсө көр,~~
~~Тилегиңде мен сенин.~~

4.

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Ё.-Укта, укта каралдым,

Эркесисиң замандын.

Атаң менен апаңдын,

Бактысына жаралдың.

х х х

Эр жеткенде каралдым,

Баатыры бол замандын.

Туулуп өскөн элиңдин,

Керегине жарагын.

х х х

Уктачы, берекем, уктачы. Уктайгой каралдым.

Бөбөктүн бетин жаап, ордунан турат. Ошол учурда сырттан ыр- ырдап келе жаткан жа жаштардын үнү угулат. Үйгө Сейденин кайненеси Алтынай кирет . Анын көзүнүн кычыгынан жаш имерилет.

Алтынай. балам?

4



Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

СЕЙДЕ. Үйдө эмеспин

Алтынай. кайда але ~~балам?~~ келе-атат

СЕЙДЕ.- Анда жеке ~~Ошогу үйдө, эneke...~~ батыраак дасторкон жая салгыла. Даам татып кетишсин.

Мен аларды тосуп алайын.

Сейде чыгып кетет. Алтынай:" Мээнетинди алайындарым, Ысмайылымдан кем бекен? Алыска аттанарда өз колумдан даам ооз тийип кетишсин, кулундарым" деп өзүнчө кобурап, дасторкон жайып, көлдөнөң салат. Сырттан: Жумабай, Мырзакул, Курмаш, Батма, Тотой баш болгон кары, жашы аралаш бир топ адамдар киришет.

Алтынай бекен

Сейде - Жумаке жогору төргө өтсөңор...

Курмаш. берейин.

СЕЙДЕ. / / Мынаныз аке.

Мырзакул. отургула.

Биринчи көрүнүш

/~~СЕЙДЕНИН РОЛУ~~/

С Е Й Д Е./~~бозо куюлган кеселерди коноктторго сунуп~~/.

Алгыла, алсаңыздар?

/ ~~Бозо ичишет~~/.

Жумабай. коюңузчу?

С Е Й Д Е. Кой, кайним (уул), ал эмне дегениң, уят эмеспи. Мени коюп, мына бу кыздарды ырдатчы. Кыздар, силер эмне тымпыйып калдыңар?

БАТМА.- жатпайбы.

С Е Й Д Е.- Койчу, Батма жеңе, уят эмеспи?!

Курмаш. айланайын.

С Е Й Д Е. Эмесе сен (да) кошулуп койчу Батма жеңе.

Батма. Сейде.

С Е Й Д Е./ ~~Комузду алып ырдайт. Батма кошулат~~/.

Алыстасам эңсем сүйгөн ак маңдай

Өмүрүмдүн теңин алып жаткандай.

Көзгө ~~ххххххх~~ илээшпес ийненин бир учтары,

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. Жүрөгүмө тыз- тыз этип баткандай,

х х х

Күндүр- түндүр жаш көңүлүм сагынды,
Сүйүү, бизге кайдан жүрүп кабылды?
Кайгырганда эркем сени ойлосом,
Жүрөгүмө салдың өрттүү жалынды.

х х х

Жаш баладай паана туткан энесин,
Кайда жүрсөм мага кубат бересиң.
Сагынамын куса болуп ар күнү,
Ойдон кетпейт, күлүп турган элесиң.

х х х

Кыялымдай учкул болуп калсамчы,
Кыйналсаң мен, тең бөлүшүп алсамчы.
Бир сабакта эгиз гүлдөй мөмөлөп,
Айсыз түндө каухар болуп жансаңчы.

Үндөр. өркөнүң өссүн.

8.

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. Зарыккан көңүлдөн кээде мукамдуу обон, муңдуу ырда чыгат экен. / Батма жеңе, азыркы ырымдан ошол эки сезим ~~бирүбирин~~ бир- бирине атандашкандай удаалаш чыкты көрүнөт. Ал сага да, мага да түшүнүктүү. Өзүң билесиң, мен акын эмесмин, бирок ошол экөөбүзгө орток сезимди оюбузга түшүрүп, кап- кайдагы катылуу сырды козгогон акындын аты Алыкем. ~~Ооба, ошондой.~~ /~~Комуз-ду жуктун үстүнө коюп коёт~~/.

Тотой. болушсун.

С Е Й Д Е. Тотой жеңем рас ~~ин~~ айтат. Обонунду көкүрөгүбүздө сактай жүрөлү. Кана уул, өзүң да созуп кой үнүңдү.

/~~Жумабайга комузду сунат. Ал комузду чертип, үн кошот~~/.

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. Эй, и - и !

~~Алтымыш вагон бир тиркеп,~~

~~Алып учкан паровоз.~~

~~Айылдан кетип баратам,~~

~~Агайын, тууган кайыр кош.~~

Жумабай. бол садаган.

С Е Й Д Е. Кап, иничегин уктап калган тура...

Болбосо:" Атакеме салам айтып кой байке"

деп мойнуна жармашпайт беле.

Жумабай. окшоп калган?

С Е Й Д Е./[redacted]/ Эр тайын тартат... Таяке-тайынын

мурду жаман дейсиңби?

Жумабай.- аманатың барбы?

С Е Й Д Е.- Эмне аманатың болсун уул. Үйдөгүлөрүң

аман - эсен турушат де. Жаман күчүгү

жигит болуп талпынып калганын айт.

Атасынын аман - эсен жеңиш менен

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. келишин күтөт деп кой. Эми, айыл- апа-
дагы болгон ал- жайды өзүң билет эмес-
сиңби.

Жумабай. бол, кош.

С Е Й Д Е. Кош берекем.

Экөө коштошушат. Сейде, Жумабайды оозгу үйгө чейин узатып коюп, кайта кирет. Көзүнүн кычыгы толо жаш. Бала ыйлайт. Бешикти терметет.

А, акылсызым , аваң менен ушинтип коштошосуңбу? Байкең сенин саламыңды атаңа айта барат... Чоң эле жигит, атасына салам айттырганда ыйлайт бекен Кой, ыйлаба, уят болот... Атасын тарткан азамат ыйлабайт... Ырaспы, каралдым?

Ошо кезде терезе кагылат. Каккан дабыш уландан - улам катуулайт. Сейде аста

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

~~С Е Й Д Е.-басып терезенин жанына барат.~~

С Е Й Д Е. Бул ким?/ ~~Жооп жок~~/ Кимсиң дейм? ~~Апа,~~

~~сенсиңби?/озүнчө/ Ким болду экен? Апам~~

~~минтип какчу эмес~~ эле.

Үн угулат.V эшикти!

С Е Й Д Е./~~терезе пардоонун четин туруп, терезеге~~

~~үңүлө карайт. Башын дароо тартып алып,~~

~~эмне болгонун билбей, се дейип туруп калат.~~

Ысмайыл! ~~Өнүмбү, же түшүмбү~~?!

~~Үн угулат. өпкүлөйт.~~

С Е Й Д Е. О жараткан! Бүгүн өлүп кетсем да, арма-

ным жок!/ ~~пиласын таанпай~~/ Ии, мен куруюн,

жеңемди
энемди сүйүнчүлөйүн!

Ысмайыл. ким бар?

С Е Й Д Е. Эч ким жок. ~~Энем~~ эмерээк эле, ининди

аскерге узатканы станцияга кетти.

Ысмайыл. Жумабайдыбы?

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. - Ооба... Жүр, батыраак барып, узай элегинде коштошуп кал. Сенин аман-эсен келгениңди көрүп, ал да кубанып кетсин. /Кетмекчи болгон Сейдени дагы токтотот/.

Ысмайыл. турчу...

С Е Й Д Е. Э, катигүн... Иниң менен жеңем укса уят эмеспи? Угуп калышса капа болуп,таарынышат...

Ысмайыл. турамбы, же... басыксынчы

С Е Й Д Е. - Кубатым, берекем.../дагы мойнунан кучактайт/. Поездден качан түштүң? Биротоло бошоп келдиңби? Деги колу-бутуң сообу? Алты саның аманбы, жаным?

калат

Ысмайыл. бошондум... аман

С Е Й Д Е. - О жараткан, миң бир эсе ыраазымын!

Чешчи шинелиңди. Маңдайыма турчу, жакшылап карайын.

Ысмайыл. азыр келем...

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. - ~~Кудай, кубанычымды кут кыла көр~~...

Атасы, сүйүнчү! сүйөө болсоң - өбөк, ылдый

болсоң - жөлөк болуучу перзентиң бар...

Тигине уулуңду көрчү!

Ысмайыл. деле...

С Е Й Д Е. Эмне, сыртта бирөө күтүп турабы?

Ысмайыл. койчу.

С Е Й Д Е .- Терезени? Калкалап эмне кылабыз? болчу .И-и

.. Азыр.. ~~/ Ысмайыл жыла басып сыртка чыгат. Кубанычтын кучагына алагды болгон Сейде эч текеден капарсыз терезени калкалайт. Идиш- аяктарды жыйнаштырып жатып, чаканын түбүндөгү калган бозону көрөт~~/. Ысмайылга

буюрат деп ким ойлоптур. Аябай сагынса

керек бозону. Суусуну кана жутсунчу...

/ ~~Сырттан жыла басып Ысмайыл кирет~~/.

Ысмайыл. көрсөтчү ~~эми~~...

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. - Уктап жатат. Көрүндүгүн бербесем көр-
сөтмөк белем!

Ысмайыл. шорго туулдуңбу?!

С Е Й Д Е. Жумабай абасы, жаңы эле сенин алдында
кабак - кашы биздин тукумду тартыптыр деди.
А сен кандай дейсиң? Уулуң өзүңдү тар-
тыптырбы, же жокпу?

Ысмайыл. болсо болду.

Исмаил? мырзакул?

С Е Й Д Е. -Бир аз максым бар экен, ичесиңби?

Мырзакул. Бозобу?
Сейде — бая силерден калган...
Мырзакул— ~~[illegible]~~ рас болбодубу.

С Е Й Д Е.- /~~Бергиси келбейт~~/ Муздакко.. . Жылытып
. берейинчи...

Мырзакул. жакшы. Балдарды тамобун ~~уул~~ койдуңарбы?

С Е Й Д Е. -/~~Амалсыздан берип~~/ ~~[illegible] увап кеттиби?~~

Мырзакул. бер.

С Е Й Д Е. -И - и, баса, тамеки дебединер беле...
Мен унутуп эле.../~~Сыртү үйгө чыгып кетет.~~

14



Биринчи көрүнүш
/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е.- ~~Сырттан үн чыгарат~~/. Аке, бөюм жетпей атат. Өзүңөр алдасаңар, мен жеткидей эмесмин.

~~Мырзакул өзгү үйгө чыгып кетет. Ысмайыл жан талашып баш кийимин алып, кайта жашынат. Сырттан тамекисин түтөткөн Мырзакул менен Сейде киришет.~~ колу калтырайт.

Мырзакул. Сейде?

С Е Й Д Е.- -И , жөн эле аке. Жанатан бери бала ыйлап... Соорото албай эсим ооду. Өзүм да чыйрыгып турат... окшойм...

Мырзакул. жазы~~лбай~~ беле

С Е Й Д Е. Жарайт, аке. ~~Жакын арада жиберейин~~ жиберейин. ~~Өзүнчө~~/ Посылка сал деген эмнеси? Чын пейли менен айттыбы, же мени сынап жатабы?

Мырзакул. ~~чыкпайт.~~ өспөйт.

С Е Й Д Е. Жарайт, аке. ~~Кеңешиңизге кудай раазы болсун.~~

Мырзакул. бүтөбөйсүңөр.

Биринчи көрүнүш

/[redacted]/

С Е Й Д Е.- Маакул аке. Эртең бүтөйм. Баарын бүтүрөм.

Мырзакул. келдим эле...

С Е Й Д Е.- Түшүндүм, аке. түшүндүм. Эмнеге таарымак
элем! Биз эптеп күн көрөрбүз. Тиги, Тотой-
дой, бала- бакыралууларга бергениңер жөн.

Мырзакул. турбайсыңбы...

С Е Й Д Е.- Макул, аке, айтайын.

Мырзакул. берермин!

С Е Й Д Е.-/[redacted]/ Аке, эми эле араң уктаттым...
Ойгонуп кетпесин.

Мырзакул. Сейде?

С Е Й Д Е. Антпей калайын аке. Ракмат берген
кеңешиңерге.

Ысмайыл. жаным.

С Е Й Д Е.-/[redacted]/ Мейлиң, берекем... Качсаң да,
какалансаң да алтын башың аман болсо,
болду... Жаман күчүгүмдүн атасы эмессиңби

Биринчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

СЕ Й Д Е?- Мандайга жазганды көрө жатарбыз...Мейлиң, Ысмаш , мейлиң... Сенден бөлөк кимим бар?... Жөлөгүм да сенсиң... Тирегим да сенсиң... Мен раазы...

Сырткы эшиктиин чыкканы угулат.

С Е Й Д Е.-Чш!..Жашын!/Ысмайыл жашынат. Сырттан Алтынай кирет/ Сейде кайненесин кучактап ыйлайт/. Энекебай! Ак сүтүңдү эмген уулуңду кечир энеке!

Алтынай. Айтсанчы балам?

С Е Й Д Е. Уулуң качып келди!..

Алтынай апа, селдейип туруп калат.Жүктүн алдынан оңу- башы кубарып Ысмайыл чыгат. Көп- сөзгө келбей далдайып туруп калат. Эне менен бала колдорун жайып,бирине-бири умтулушат.

Көшөгө

## Экинчи Акт

### Экинчи көрүнүш

СЕЙДЕ. ~~/Өңү бузулуп/~~ Катыгын- ай, катигын! Уят эмеспи, уят!.. Чын эле боюма болуп калган го, кокуй? Же таң атканча уктабай калгандыкыбы? Жо - жок! Бетим - ий, бетим!/ ~~пауза/~~. Боюма бүтүп калыптыр. Эми, эл - журттун ~~бетин~~ жүзүн кантип карайм...Ага тууган эмне дейт? Ичиндегисин кайдан дебейби? Эми канттим?/пауза/. Же ~~энеме айтып~~ эздирип салсамбы? Кечир, кудай, кечир!../пауза/ Мейли, ~~эми~~ эмне дешсе, ошо дешсин... Ысмайылым кубанса болду. Ал байкуш менин бир күнкү кубанычым үчүн аскерден качып келди, Мен үчүн кандай кордукка чыдап жүрөт. Ичерге- аш, киерге- кийми жок./Пауза/.Ушу чыкыроондо көргөн күнү тиги байкушумдун. Мына эми, жакында кар борошолоп, боорон ышкырат. Ошо суукта айдаладагы карагы үңкүрдө тишинин кирин соруп, калчылдап жатса, тирүүнүн тозогу эмеспи./пауза/ Я, эмне

Кашка эмне экен жалгыз бешимди жоону чаап берет беле? Жашына жашына тураар. Эл журтка деле эчени билген жери жок... өзүнү чымындай жаны ала качып жүрбөйбү Кургурум!

Экинчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е.- кылсам? Мейли... Ысмайылыма айтып, сүйүнчүлөйм...

Ошо кезде Батма кирип келет.

Батма. Сейде?

С Е Й Д Е./өзүнчө/ Батим- ий, угуп койдубу?/жооткуга кулуп/. Деле, сак- кулаксың го Батыш. Менин кебимдин баарын уктуңбу?

Батма. чалып калды.

С Е Й Д Е. И-и, үйдөгү каралдымдын атасына сүйүнчүлөп, кат жазайын дейм. Тунгучу эмеспи, кубанып калсын.

Батма. келдиби?

С Е Й Д Е. /[redacted]/ Келген деле жок. Согушка жөнөдүк деп бир жолу жазган... Андан бери кат-кабар жок.

Батма. ыр менен жазыптыр.

С Е Й Д Е. И-ий, апамдын баласы! Бая эле айтпайсыңбы!

65

19

59.

Экинчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

Энекем эстен кетпейсиң
Батма. Эл эсимден кетпейсиң.

С Е Й Д Е. Батыш берекем, оку - окусаң батыраак.

Сенин Сейдаалың акын го дейм. Жакшы

жазыптыр.

/Батма көзүнүн жашын жоолугунун учу менен сүртүп коюп, уланта окуйт/.

Аркар - кулжа ойногон,

Ак - калтар, суусар жойлогон.

Чалкак төрлүү Ала- тоом,

Сен эсимден кетпейсиң.

х х х

Кыйындыкка кыйбаган,

Кыйналсам жашын тыйбаган.

Ак сүтүн берип өстүргөн,

Энекем эстен кетпейсиң.

х х х

Карасам кубар канбаган,

Экинчи көрүнүш

/СЕЙДЕНИН РОЛУ/

С Е Й Д Е. Кыйналсам күлүп жайнаган,
Кубаныч- мунга тең орток
Жар эсимден кетпейсиң.

х х х

Кыт - кыт күлүп каткырган,
Көтөрүп көңүл шат кылган,
Жан биргем, жаным эрмегим,
Бала эсимден кетпейсиң.

С Е Й Д Е. А - ай, жеңе. Күн алыс кат алып, амандыгын билген, ушу сенде да арман барбы? Мына мени айтпайсыңбы... ~~Жок дегенде кат- кабар болсо да эмне...~~

/[redacted]/.

Батма. калыптыр да.

С Е Й Д Е. Бала ыйлап... таңаткыча кирпик какканым жок. Анын үстүнө бир топтон бери, башым ооручу болду. Ошонуку болсо керек.